Food and Agriculture Organization of the United Nations

# СҮТ БАГЫТЫНДАГЫ МАЛГА АНТИБИОТИКТЕРДИ КОЛДОНУУНУ КАНТИП ТӨМӨНДӨТҮҮ КЕРЕК



**Жетиштүү таза суу, көлөкө, тынчтык жана жакшы желдетүү жылуулук стрессти, маститти, дем алуу жана башка көйгөйлөрдү кыскартат, аны менен бирге сүт өндүрүмдүүлүгүн жогорулатат.**

**Малдар көп топтолгон жерде ылаң тез таркалат; Ар бир малга жеткиликтүү оорун камсыз кылыңыз. Орто эсеп менен, сарайда бир баш уй үчүн 4,5-5,5 м² орун талап кылынат.**





**Эмдөө - бул айрым ылаңдарды алдын алууга антибиотикке алтернативдүү ишенимдүү жолу. Эмдөө календарын сактоону камсыз кылыңыз.**

**Комплекстүү биологиялык коопсуздук программаны аткаруу ылаңдардын пайда болуусун төмөндөтөт.**





**Нымдуулук, баткак жана чылаа - ылаңдардын пайда болушунун негизги себептери. Мал кармаган сарайды кургак кармаңыз, мал жаткан жерге кургак саман, таарынды же чөп төшөп, аны тез-тез алмаштырып туруңуз, бул иш-чара менен- мастит, туяктын жабыркашын жана дем алуу көйгөйлөрүн алдын аласыз.**

Байыган уйларды туура тоюттандырып, жакшылап карасаңыз, ылаңдарды алдын алып, сүттүүлүгүн жакшыртууга он таасирин тийгизет





Сүттүн сапаты жана желиндин оорудан сак болушу саан ыкмасынан өтө көз каранды. Уйду саардын алдында желинди жана колду таза жууп дезинфекциялаш керек. Таза саан аппараттарын жана кийимди пайдаланыңыз. Бул мастит ылаңынын таркалышын азайтат.

Ылаңдарга туруктуу болуш үчүн музоо туулгандан кийин биринчи 4 саат аралыгында 3 литрден кем эмес ууз сутун эмизиш керек, кийинки 4 саат ичинде кошумча 2 литр ууз суту менен камсыз кылуу абзел.





Көбүнчө жогорку өндүрүмдүү породадагы уйлар ылаңдарга тез чалдыгат. Мүмкүн болсо, сиздин өндүрүшкө жана мал өстүрүүчү аймагыныздын шартына ылайыктуу породаны тандаңыз.

Калыптандырылган жана жетиштүү белок, кубат,клетчатка камтылган азыктардын берилиши боюнча кабардар болуңуз. Бул, сиздин чарбадагы малдын ден-соолугун сактоого жана стресстик абалды төмөндөтүүгө өбөлгө түзөт.





ЖӨНҮНДӨ КОШУМЧА МААЛЫМАТ АЛУУ ҮЧҮН,СҮТ ӨНДҮРҮҮДӨ АНТИБИОТКТЕРДИ КАНТИП ЭФФЕКТИВДҮҮ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ КОЛДОНУУ СКАНЕРЛЕП АЛЫҢЫЗ

BY NC SA

© FAO, 20222
CB6806KY/1/06.22